| | | | |
|---|---|---|---|
| | | **«Мектептин билим сапатын баалоо, мониторингдөө боюнча жобосунда» камтылган.**<br>**Мисалы.**<br>**4.1.** Мониторингдин обьектилери болуп окуучулардын окуудагы жана окуудан тышкаркы жетишкендиктери, педагогдордун жана мектеп жетекчилеринин кесиптик ишмердүүлүгү, билим берүү программасын жана аны ишке ашыруунун шарттары саналат.<br>4.2. Билим берүүнүн жыйынтыктарын баалоо үчүн чен-өлчөмдөр:<br>. Окуу жүктөмдөрү<br>. үйрөнүүчүлүк, окумалдык;<br>. Окуучулардын чыгармачыл ийгиликтери;<br>. Мектеп бүтүрүүчүлөрү;<br>Мындан сырткары бул маселелер боюнча сурамжылоо анкетасынын мазмунунда камтылган. Анкетанын жардамы менен анализ мониторинг жургузулөт. Анын жыйынтыгы менен кийинки окуу жылына баалоонун жол-жоболорунун натыйжалуулугу боюнча сунуш-пикирлер эске алынып, кошумчалар, баалоонун жол-жоболорун жакшыртуу пландары киргизилет. Мектеп билим берүү программасынын максаттарына ылайык социалдык педагог иш алып барат. Бирок психолог кызматы жетишсиз болгондуктан мектеп программасынын талаптарына толук жооп бербейт. Мектепке атайын медицина кызматкерлери бөлүнүп, мектеп менен тыгыз байланышта иш алып барат, бирок алардын ишмердүүлүгу боюнча атайын баалоо процесси мектепте жургузүлбөйт.<br>Мониторинг жүргүзүүнү өткөрүү үчүн жоопту адамдарды аныктоо, милдеттендирүү жана алардын милдеттери, жоопкерчиликтери жобонун 5-бөлүмүндө камтылган.<br>**5.Мониторингди уюштуруу жана башкаруу.**<br>**5.1.** Мониторинг директор тарабынан жана кызматтык функциясы ылайык келген директордун орун басары тарабынан ишке ашырылат.<br>5.2. **Уюштуруучу-башкаруучу курам-**мектеп жетекчилиги, усулдук кеңеш, усулдук бирикмелер,педагогикалык кеңеш. Бул курам билим берүү сапатына мониторинг жүргүзөт, алынган жыйынтыктарды, | |